
**2019-2023-жылдарда Кыргыз Республикасынын**
**өнөр жайынын өнүгүшү жөнүндө**

Акыркы беш жылдын ичинде республиканын өнөр жай секторунда 2018-жылдын деңгээлине карата өндүрүштүн өсүшү байкалды, бул негизги металлдарды өндүрүү ишканаларындагы көлөмдүн көбөйүшү менен шартталды.

**1-график. Өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**
*(пайыз менен)*





Учурдагы баалардагы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 2023-жылы 495 млрд. ашык сомду түздү, физикалык көлөмүнүн индекси 2022-жылга салыштырмалуу 102,7 пайызды түздү, ал эми 2018-жылга салыштырмалуу - 124,5 пайызды түздү.

2023-жылы *өнөр жайда иштегендердин жалпы саны* 136,9 миң адамды түздү, 2019-жылга салыштырмалуу 4,1 пайызга кыскарды, ал эми былтыркы жылдын деңгээлине карата, ал тескерисинче 6,9 пайызга өстү.

2023-жылы өнөр жайда иштеген жумушчулардын *орточо номиналдык түрдөгү айлык эмгек акысы* 42,0 миң сомду түздү.

Ички дүң продуктудагы кошумча дүң наркынын үлүшү 2023-жылы алдын ала маалыматтар боюнча 16,0 пайызды түздү (2019-жылы - 17,6 пайыз).

**2-график. Өнөр жайдын кошумча дүң наркынын үлүшү**
*(ИДПга карата пайыз менен)*




Пайдалуу кендерди казып алууда өндүрүштүн көлөмү 2023-жылы былтыркы жылга салыштырмалуу 3,1 пайызга, иштетүү өндүрүшүндө - 2,0 пайызга, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) чөйрөсүндө - 8,4 пайызга, суу менен камсыздоо, тазалоо жана калдыктарды иштеп чыгуу чөйрөсүндө - 5,8 пайызга жогорулады.

2023-жылы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү былтыркы жылга салыштырмалуу жогорулашы, негизги металлдарды жана даяр металл буюмдарын, электр жабдууларын, ошондой эле машина жана жабдууларды өндүрүү көлөмүн кошпогондо, ишмердүүлүктүн дээрлик бардык түрлөрүндө байкалган, мында мурунку жылга салыштырмалуу негизги металлдарды жана даяр металл буюмдарын өндүрүү 11 пайызга, электр жабдууларын - 8,2 пайызга, машина жана жабдууларды - 26,1 пайызга өндүрүүнүн көлөмү азайган.

Өткөн беш жылдын ичинде пайдалуу кендерди казуунун үлүшү өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүнүн ичинен 2019-жылы 6,9 пайыздан 2023-жылы 11,4 пайызга чейин жогорулады. Муну менен катар, иштетүү өнөр жайынын үлүшү, тескерисинче, 2019-жылы 79,1 пайыздан 2023-жылы 77,3 пайызга чейин, электр энергия, газ буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо боюнча ишканалардын үлүшү, 2019-жылы - 13,0 пайыздан 10,3 пайызга чейин кыскарган. Өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүнүн ичинен суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуунун үлүшү 2019-жылдын деңгээлинде калды.

**3-график: Негизги экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн түзүмү**

*(өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмүнө карата пайыз менен)*




2023-жылы ***пайдалуу кендерди казуунун*** көлөмү 56 млрд. сомдон көбүрөөгүн түздү, физикалык көлөмдүн индекси 103,1 пайызга туура келди. 2022-жылга салыштырмалуу өндүрүү көлөмүнүн өсүшү көмүр казуунун 13,2 пайызга, чийки мунайзат жана жаратылыш газын казып алуунун - 2,5 пайызга, металл кендерин казып алуунун - 1,2 пайызга жогорулашы менен камсыздалды. 2018-жылдын деңгээлине карата өндүрүштүн көлөмү 24,2 пайызга көбөйдү.

**4-график. Пайдалуу кендерди казуунун физикалык көлөмүнүн индекстери**
*(пайыз менен)*





2023-жылы таш көмүрдү жана лигнитти казуунун көлөмү 2019-жылга салыштырмалуу 1,6 эсеге, ал эми 2022-жылга салыштырмалуу 10,6 пайызга көбөйүп, 4,2 млн. тоннаны түздү.

2023-жылы 303,1 миң тонна чийки мунайзат казылган, бул 2019-жылга салыштырмалуу 30,0 пайызга көп, ал эми 2022-жылга салыштырмалуу - 2,7 пайызга көп.

27,4 млн. куб метр жаратылыш газы алынган, бул 2022-жылга салыштырганда 8,4 пайызга аз, ал эми 2019-жылга салыштырганда 12,3 пайызга көп.

2023-жылы ***кайра иштетүү өнөр жайында*** өндүрүлгөн продукциялардын көлөмү 383,1 млрд. сомду түздү, бул 2019-жылга салыштырмалуу 27,7 пайызга, ал эми 2022-жылга салыштырмалуу 2,0 пайызга көбөйдү.

**5-график. Иштетүү өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**
*(пайыз менен)*




Иштетүү өнөр жайынын көлөмүнүн жогорулашы резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды (1,7 эсеге), жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдарды даярдоо ишканаларында, басмакана ишмердигинде (19,6 пайызга), текстиль өндүрүшүндө, кийим жана бут кийимдерди, булгаары, булгаарыдан жасалган башка буюмдарды (19,2 пайызга), мунай продуктыларын (8,9 пайызга), тамак-аш азыктарын (ичимдиктерди кошкондо) жана тамеки

өндүрүүнүн (5,7 пайызга) көлөмүнүн өсүшү менен шартталды.

*Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамекини* өндүрүүнүн көлөмү 74 млрд. ашык сомду түздү жана 2018-жылдын деңгээлине карата 29,1 пайызга, ал эми 2022-жылга салыштырмалуу - 5,7 пайызга көбөйгөн.


**6-график. Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**
*(пайыз менен)*




Тамак-аш азыктарын (ичимдиктерди кошкондо) жана тамеки өндүрүү көлөмүнүн жогорулашы ун жана талкан азыктарын өндүрүүнүн - 8,8 пайызга, макарон азыктарын - 1,4 пайызга, нан жана нан азыктарын - 16,4 пайызга, эт азыктарын - 22,5 пайызга, ошондой эле суусундуктарды өндүрүүнүн - 47,6 пайызга (дистирленген алкоголдук ичимдиктерди өндүрүүнүн 28,8 пайызга өсүшү менен байланыштуу) жогорулашы менен камсыздалды.

2023-жылы *текстиль өндүрүшүндө, кийим жана бут кийимдерди, булгаары, булгаарыдан жасалган башка буюмдарды* өндүрүүнүн көлөмү былтыркы жылга салыштырмалуу 19,2 пайызга жогорулады, бул кийим өндүрүүнүн 30,0 пайызга жогорулашынын эсебинен болду. Өндүрүүнүн көлөмү 2018-ж. деңгээлине карата 11,7 пайызга өстү.

**7-график. Текстиль өндүрүшүнүн, кийим жана бут кийим, булгаары, булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**
*(пайыз менен)*



*Жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдарды даярдоо ишканаларында, басмакана ишмердигинде* 2023-жылы өндүрүштүн көлөмү 2019-жылга салыштырмалуу 12,0 пайызга, ал эми 2022-жылга салыштырмалуу 19,6 пайызга жогорулады.

2023-жылы *тазаланган мунайзат продуктуларын* өндүрүүнүн көлөмү былтыркы жылга салыштырмалуу 8,9 пайызга жогорулады, ал эми 2018-жылдын деңгээлине карата, тескерисинче, 52,0 пайызга азайды.

**8-график. Тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**

*(пайыз менен)*




2023-жылы *резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды* өндүрүүнүн көлөмүнүн 2019-жылга салыштырганда 2,1 эсеге, ал эми 2022-жылга салыштырмалуу, - 1,7 эсеге көбөйдү.

2023-жылы *негизги металлдарды жана даяр металл буюмдарын* өндүрүүнүн көлөмү 2019-жылга салыштырмалуу 19,8 пайызга көбөйдү, ал эми 2022- жылга салыштырмалуу 11,0 пайызга азайды. Көлөмдүн азайышы баалуу металлдарды өндүрүү көлөмүнүн былтыркы жылга салыштырмалуу 13,5 пайызга кыскарышы менен шартталды.

**9-график. Негизги металл жана даяр металл буюмдарын өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**

*(пайыз менен)*



2023-жылы өткөн жылга салыштырганда *компьютерлерди, электрондук жана оптикалык жабдууларды* өндүрүү 1,6 эсеге өстү, *транспорт каражаттарын* өндүрүү автотранспорт каражаттары үчүн тетиктерди, чиркегичтер жана башка жарым чиркегичтерди чыгаруунун өсүшүнүн эсебинен - 6,1 пайызга жогорулады. Өндүрүштүн башка тармактары, машина жана жабдууну оңдоо жана орнотуу эмерек жана башка буюмдарды өндүрүүнүн өсүшүнүн эсебинен 22,6 пайызга өстү.

2023-жылы ***электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун (жабдуунун)*** көлөмү 51 млрд. сомду түзүп, өндүрүү көлөмү былтыркы жылга салыштырмалуу 8,4 пайызга өстү, бул электр энергияны өндүрүүнүн, берүүнүн жана бөлүштүрүүнүн 7,3 пайызга жогорулашы менен байланыштуу болду. Өндүрүү көлөмү 2018-жылдын деңгээлине карата 0,2 пайызга кыскарды.

**10-график. Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун (жабдуунун) физикалык көлөмүнүн индекстери**

*(пайыз менен)*





2023-жылы 13,8 млрд. киловатт-саат электр энергиясы иштелип чыкты, бул 2022-жылга караганда 0,7 пайызга аз, жылуулук энергиясы - 2,9 млн. гигакалорий жана 6,0 пайызга аз болду.

2023-жылы ***суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу*** ишканаларынын ишмердиги сууну чогултуу, тазалоо жана бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн 8,0 пайызга жогорулашы менен мүнөздөлгөн. Физикалык көлөмдүн индекси 2018-жылдын деңгээлине карата 118,0 пайызды, ал эми 2022-жылга карата - 105,8 пайызды түзгөн.

**11-график. Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуунун физикалык көлөмүнүн индекстери**

*(пайыз менен)*




2023-жылы жаратылыш суусунун иштелип чыгуу көлөмү 187 млн. куб метрди түздү, бул 2022-жылга караганда 4,7 пайызга көп.

2023-жылдагы өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүнүн жогорулашы Ысык-Көл облусунан башка республиканын бардык *региондорунда* белгиленди.

Өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүнүн түзүмүндө эң чоң үлүшү Чүй облусуна туура келип, ал 2019-жылы 45,1 пайыздан 2023-жылы 44,9 пайызга чейин кыскарды, ошондой эле, Ысык-Көл облусунун үлүшү 21,9 пайыздан 16,4 пайызга чейин азайды.

Ошону менен бирге, Бишкек шаарынын үлүшү бул мезгилде, өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндө тескерисинче, 14,9 пайыздан 15,6 пайызга, ал эми Талас облусунун үлүшү 0,6 пайыздан 5,3 пайызга чейин жогорулады.

**1-таблица: Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Өндүрүлдү млн. сом | | Физикалык көлөмдүн индекси, мурунку жылга карата, пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | **2019** | **2023** | **2019** | **2023** |
| **Кыргыз Республикасы** | **283 971,7** | **495 344,0** | **106,9** | **102,7** |
| Баткен облусу | 2 975,3 | 6 428,9 | 111,3 | 120,8 |
| Жалал-Абад облусу | 28 711,4 | 51 861,7 | 106,5 | 108,8 |
| Ысык-Көл облусу | 62 280,2 | 81 350,6 | 111,9 | 79,6 |
| Нарын облусу | 2 870,5 | 4 965,0 | 102,5 | 104,3 |
| Ош облусу | 10 385,6 | 17 317,6 | 112,3 | 117,1 |
| Талас облусу | 1 578,3 | 26 240,3 | 104,9 | 105,8 |
| Чүй облусу | 128 102,5 | 222 615,1 | 103,6 | 121,9 |
| Бишкек ш. | 42 292,0 | 77 162,4 | 114,0 | 121,5 |
| Ош ш. | 4 775,9 | 7 402,4 | 109,9 | 107,7 |

*Чакан жана орто ишкердиктин субъекттери* тарабынан өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын көлөмү 2022-жылы 125,2 млрд. сомду түздү жана анын жалпы көлөмүндө 25,3 пайызды (2019-жылы - 21,2 пайызды) түзгөн. 2023-жылы жалпы көлөмдөгү орто жана чакан ишканалардын үлүшү 2019-жылга салыштырмалуу көбөйгөн, ошол эле учурда жеке ишкерлердин үлүшү тескерисинче төмөндөгөн.

Баткен облусу жана Ош шаары чакан жана орто ишкердиктин субъекттери аймактын өнөр жай

өндүрүшүнүн жарымынан көбүн, ал эми Ош, Нарын облусунда жана Бишкек шаарында жарымынан азын камсыз кылат.

2023-жылы *чет өлкөлүк инвестициялары бар* өнөр жай ишканалары тарабынан 135,5 млрд. сом суммасындагы продукция же тармактын жалпы көлөмүнүн 27,4 пайызы өндүрүлгөн, ошол эле учурда 2019-жылы анын көлөмү 49,8 пайызды түзгөн.

Суусундуктар жана тамак-аш азыктары үчүн айнектен жасалган идиштердин, чоң бөтөлкөлөр, бөтөлкөлөр, флакондор жана пластмассадан жасалган буюмдардын дээрлик бардык көлөмү чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалар тарабынан өндүрүлгөн. Ошондой эле, алар тарабынан чыгарылган продукциялардын негизги түрлөрү чай, алкоголсуз суусундуктар, макарон азыктары болуп саналды.

## 2023-жылдагы Кыргыз Республикасынын өнөр жайындагы инновациялык процесстер жөнүндө

Изилденген 849 өнөр жай ишканаларынын жыйынтыгы көрсөткөндөй, 2023-жылдагы инновациялар чөйрөсүндөгү алардын инновациялык активдүүлүгү 1,8 пайызды түздү (2022-жылы - 3,8 пайыз).

15 ишкана өнөр жайга инновацияларды иштеп чыгууну жана ишке киргизүүнү ишке ашырды. Эки өнөр жай ишканасында инновациялык процесстер аяктаган жана өнөр жай продукциясы чыгарылган, ал эми 13 ишканада инновациялык процесстер аяктоо баскычында турат.

Инновациялык активдүү ишканалар тарабынан 42 продукциянын жаңы түрү өздөштүрүлгөн жана чыгарылган. Алардын ичинен жүк ташуучу унаалар жана агротехникалар үчүн радиаторлордун 39 түрү жана спиралдуу газ менен толтурулган БИ электр лампасынын бир түрү, айнек зымы жана айнек буласы чыгарылган.

Тамак-аш азыктарын, кийим тигүү, электр жабдууларын, транспорт каражаттарын өндүрүү, ошондой эле таш көмүр жана лигнит казуу ишканаларында инновациялык ишмердүүлүктүн эң чоң активдүүлүгү белгиленди.

Өнөр жайдагы инновациялык процесстер Баткен облусунда - 6 ишканада (инновациялык-активдүү ишканалардын жалпы санынын 40,0 пайызы), Нарын облусунда - 3 ишканада (20,0 пайызы), Чүй облусунда - 3 ишканада (20,0 пайызы), Жалал-Абад облусу, Бишкек шаары жана Ош шаарында - бир ишканадан (20,0 пайызы) бир топ активдүү ишке киргизилген.

2023-жылы изилденген ишканалар тарабынан 368,4 млн. сом көлөмүндө же 2022-жылга караганда 2,2 эсеге көп инновациялык продукциялар жүктөлүп жөнөтүлгөн. Мында жүктөлүп жөнөтүлгөн продукциялардын дээрлик бардык көлөмү жаңы ишке киргизилген же олуттуу технологиялык өзгөрүүлөргө кабылган продукцияларга туура келди.

2023-жылы инновациялык продукцияларды экспорттоонун көлөмү 278,2 млн. сом суммасында же жөнөтүлгөн инновациялык продукциялардын жалпы көлөмүнүн 75 пайызынан ашык (2022-жылы - 74,5 пайыз) бааланды. Мында экспорттолгон продукциялардын көлөмүнүн 99 пайызы электр жабдууларын өндүрүү ишканаларына, бир пайызга жакыны транспорт каражаттарын өндүрүү ишканаларына туура келди.

Инновациялык продукцияларды өндүрүүнүн олуттуу көлөмү Жалал-Абад облусунун ишканаларына туура келди (99,4 пайыз). Мында инновациялык продукциялардын бардык көлөмү жеке менчик формасындагы ишканалар тарабынан өндүрүлдү.

2023-жылы инновациялардын чыгымдары 144,2 млн. сомду түздү.

Инновацияларды жүзөгө ашырган ишканалардын чыгымдарынын эң көп көлөмү (90,1 пайыз) электр энергия, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо машиналарды жана жабдууларды сатып алууга туура келди. Чыгашалардын бир аз бөлүгү кийим тигүү (2,2 пайыз), транспорттук каражаттар (1,5 пайыз), тамак-аш азыктарын жана суусундуктарды (0,8 пайыз) өндүрүү, ошондой эле суу менен камсыз кылуу, тазалоо, калдыктарды тазалоо жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу (4,8 пайыз) боюнча ишканаларга туура келген.

2023-жылы 6 ишкана машиналарды жана жабдууларды сатып алган, мында чыгымдар 137,4 млн. сомду, ал эми программалык каражаттарды 2 ишкана сатып алган, бул 1,5 млн. сомду түзгөн. Жаңы продуктуларды изилдөөнү жана иштеп чыгууну 2 ишкана ишке ашырып, алар ушул максатка 4,8 млн. сом сарптаган.

Муну менен катар, инновациялар менен байланышкан жаңы технологияларды сатып алууга, өндүрүштүк долборлоого, маркетингдик изилдөөлөргө чыгымдар кеткен жок, бул экономиканын инновациялык өнүгүүсүнүн заманбап талаптарына жооп бербейт.

Ишканалардын менчик каражаттарынын эсебинен инновацияларга кеткен чыгымдар 144,1 млн. сомду же инновациялык ишмердүүлүктү ишке ашырууга кеткен жалпы чыгымдардын 100 пайызга жакынын түздү. Көмүр казып алуу, тамак-аш азыктарды, кийим тигүү, электр жабдууларды, транспорт каражаттарды өндүрүү, ошондой эле электр энергиясын өндүрүү, аны берүү жана бөлүштүрүү ишканалары жеке финансылык ресурстарын колдонушкан.

2023-жылы өнөр жайдагы инновациялык ишмердүүлүктү каржылоого чет өлкөлүк инвестициялар багытталган жок.

2023-жылы инновациялык долбоорлорду өнүктүрүүгө мамлекеттик бюджеттен 39,5 миң сом көлөмүндө азыраак каражат берилген. Сууну чогултуу, иштетүү жана бөлүштүрүү ишмердигин жүргүзгөн ишканалар бюджеттик каражаттардын эсебинен каржыланган.

2023-жылы инновациялык ишмердүүлүктү ишке ашырууга ишканалар тарабынан кредиттерди жана насыяларды колдонуу учурлары белгиленген жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде республиканын ишканалары тарабынан инновацияларды ишке киргизүү процесси өтө эле төмөн бойдон калганын белгилей кетүү керек.

Көп жылдык статистикалык байкоолор көрсөткөндөй, ишканалар үчүн баарынан мурда жеке финансылык ресурстарынын жетишсиздиги, инновациялардын наркынын кымбаттыгы, инновацияларды бюджеттик жактан колдоонун жетишсиздиги, экономикалык тобокелдиктер, инвестициялардын өзүн-өзү актоо мөөнөтүнүн узактыгы жана ошол эле учурда инновациялык техникалар жана технологиялар түрүндөгү импорттон көз карандылык негизги көйгөйлөр болуп саналат.